Кабыл алынды : «Бекитемин»

№ 1 пед.кеңешме Мектептин директору: ________

«26» «08» 2022-ж

## Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебинин социалдык педагогдун жобосу

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги 2010-жылдын 27-июлунда чыгарган №452/1 буйругу менен бекитилген квалификациялык талаптардын негизинде түзүлгөн инструкцияга ылайык ишмердүүлүгүн жүргүзөт.**

**Социалдык педагогдун кесиптик ишмердигинин мазмуну жана өзгөчөлүктөрү**

**"Социалдык педагогика- бул социалдык чөйрөнүн тарбиялык таасирлери жөнүндөгү илим."**

Социалдык педагогика негизинен түздөн –түз көмөк алуучулардын таалим-тарбия маселелери менен алектенет. Мисалга алсак,социалдык педагог балдардын улуттук маданияттагы мыкты салттарга каныгып тарбияланышын ,өспүрүмдүн жогорку билим алууга жетишүүсүн,психикалык оорулуу кишилердин табигый коомдук турмушка кошулууга мүмкүнчүлүк берген бардык нерселерге ээ болушун да көздөп,инсанга педагоикалык таасир этет. Социалдык иш көмөк алуучунун анык социалдык маселеси менен алектенип,аны чечүүнүн жолдорун издейт,социалдык коргоону жана турмуштагы оручундуу маселелерди(турак-жай шарттарын түзүү,жөлөк пулдарды,женилдиктерди берүү ж.б)

Социалдык- педагогикалык иштин эң негизги багыттарынын бири- оор кырдаалга кабылган баланын социалдык калыптанышы үчүн шарттарды түзүү жана ага жагымдуу,педагогикалык жаткан максатка ылайыктуу социалдык чөйрөнү түзүү үчүн шарттарды камсыз кылуу. Баланын социалдык турмуш маселеси – социалдык педагогдун ишмердигинин башкы объектиси. Окуу жайларындагы мамлекеттин социалдык саясатын жүргүзүүчү катары,социалдык педагог кыйын кырдаалга кабылган балдар менен социалдык иш алып баруунун негизги багыттарын аныктайт. :

- **турмуштук кыйын кырдаалга кабылган балдар**
- **ата-энелеринин камкордугунан ажырап калган балдар**
- **акыл-эс же тулку- бою жагынан өксүгү бар балдар**
- **кырдалдуу жана улут аралык чыр чатактардан ,экологиялык жанатехногендик апааттардан ,табигый кырсыктардан жабыркаган балдар.**
- **зордук-зомбулуктан жапа чеккен балдар**

* атайын окутуп тарбиялоочу мекемелерде же интернаттарда,кароосузкалган балдарды тарбиялоочу борбордо жашаган балдар * жакыр үй-бүлөдө жашаган балдар

**Соц.педагогдун максаты:**

1. Баланын статусун аныктоо;
2. Баланын өнүгүүсүнө жекече көнүл буруу;
3. Баланы көндүрүү оңдоо жана колдоо ;
4. Баланын кызыкчылыгынын укуктарын коргоо.
5. Баланы жашоо мейкиндигинде коргоо,кам көрүү.

Соц.педагогдун негизги багыттары

Мектептеги социалдык-педагогикалык ишмердиктин багыттары маселелерди анализдөөнүн негизинде аныкталат;

-социалдык-педагогикалык изилдөө

-баланын укуктарын коргоо

-социалдык-педагогикалык кеп-кеңеш берүү

-алдын алуу,түзөтүү жана калыбына келтирүү ж.б

-Талдоочулук-диагносточулук

-прогноздоо(алдын ала айтуу)

-коррекциялык

-ортомчулук

- бала менен жекече сүйлөшүү,үй-шарты менен таанышуу

Уюштуруу учуру

-Аңгеме,анкета, тестирлөө.

-баланын документтерин анализдөө

-медициналык ,психологиялык,педагогикалык жактан колдоо көрсөтүү -байкоо,мактоо,өздүк делолорун түзүү,жакындан аңгемелешүү -ишендирүүчү жыйынтык чыгаруу.

**Соц.педагогдун милдеттери**

**Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебинин социалдык педагогунун аткаруучулук милдеттери:**

**1.**Баланын жашоо- тиричилигиндеги оручундуу маселелерди чечүүдө бала менен үй-бүлөөнүн,мектептин коомдук чөйрөнүнүн,социалдык кызматтардын,ведомостволорун, укук коргоочу жана администрациалык органдардын ортосунда арачы болот да,анын кызыкчылыктарын жактайт;

**2**. Балдардын жашоо шартын иликтөө үчүн социалдык сурамжылоо,диогноздоочу изилдөө жүргүзөт .

**3.**Окуучулардын инсанынын психологиялык-медициналык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн,жашоо чөйрөсүн жана шарттарын иликтейт.

**4**.Баланын жүрүм-турумуна байланышкан кыйынчылыктарды,чыр-чатактуу кырдаалдарды, жүрүм-турумдагы кемчиликтерди аныктоо максатында уй-бүлөөнү иликтейт.

**5**.Ата-энелер менен балдардын мамилелерин жакшыртууга көмөктөшөт.Бейжай үй-бүлөдөгү балдардын баарлашуусу (камуникативдик)көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөгө түзөт.

**6**.Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга, алардын ата-энелик милдеттерге аң сезимдүү мамиле жасашына көмөктөшөт,ошондой эле ата-энелери менен мамилеси начарлаган балдардын маселелерин чечүүгө жардам берет.

**7**.Балдарды коргоо жана социалдык колдоо,өмүрүн жана ден-соолугун сактоо боюнча чараларды көрөт.

**8**.Камкордукка жана тарбияга муктаж балдарга зарыл жардам берет.

**9**.Жетим жана ата-энелеринин камкордугусуз калган балдарды турак жай,пенсия менен камсыздоо боюнча көмөк көрсөтөт.

**10**.Класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштерге тартуу,балдар жана жаштар уюмдары,мекемелери,клубдары менен кызматташуу аркылуу балдардын бош убактысын уюштурууга көмөктөшөт.

**11**.Балдар иштери боюнча комиссияга катышат.

**12**.Зарыл болгондо,балдардын өздүк документтерин (туулгандыгы жөнүндө күбөлүгүн,паспортун)калыбына келтирүүго жардам берет.

**13**. Төмөнкүдөй окуучуларга жардам көрсөтүү үчүн алардын эсебин жүргүзөт,мугалимдер,мектеп психологу,ата-энелер(алардын ордун баскан адамдар),атайын социалдык кызматтар, кайрымдуулук уюмдары менен кызматташат:

-жүрүм-туруму бузулган,

-кыйын (опурталдуу) кырдаалга туш келген .

14. Камкордука жана тарбияга муктаж

**15**.Өзгөчө муктаждыктары бар.

**Социалдык педагог эң негизги көңүл бурган опуртал топтор**

***Ата-энелердин ажырашуусу**

Түрдүү курактагы балдар ата-энелеринин ажырашуусунар кандай кабылдайт жана ага карата ар башкача жооп мамиле кылат.Мындай шарттагы жооп мамиленин эң кеңири таралган түрлөрү

-ишмердик менен оюнду күчөтүү (пассивдүү абалын өзгөртүү үчүн)

-каардануу

-чочулоо же коркуу

-ажырашуу үчүн өзүн жоопкер сезүү

-жалгыздык жана ата-энесине эки анжы берилүүлүк

-соматикалык (тулку-бойлук) белгилер

-сабакта жетишүүсүнүн төмөндөшү

# Соц.педагог дун кызматтык милдеттери

Жалпы билим берүүчү уюмдагы социалдык педагог баланын жашоотиричилигиндеги орчундуу маселелерди чечүүдө бала менен үй-бүлөнүн, мектептин, коомдук чөйрөнүн, социалдык кызматтардын, ведомстволордун, укук коргоочу жана администрациялык органдардын ортосунда арачы болот да, анын кызыкчылыктарын жактайт:

-балдардын жашоо-шартын иликтөө үчүн социалдык сурамжылоо, диагноздоочу изилдөө жүргүзүү;

-ата-энелер менен балдардын мамилелерин жакшыртууга көөктөшүү,бейжай үй-бүлөлөрдүн балдарынын баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү;

-окуучулардын инсандык психологиялык-медициналык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн, жашоо чөйрөсүн жана шарттарын иликтөө;

-баланын жүрүм-турумуна байланышкан кыйынчылыктарды, чыр-чатактуу кырдаалдарды, жүрүм-турумдагы кемчиликтерди аныктоо максатында үй-бүлөнүү иликтөө;

-камкордукка жана тарбияга муктаж балдарга жардам берүү, алар менен жекече сүйлөшуп, аҢгемелешип иш алып баруу;

-ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга, алардын атаэнелик милдеттерге аҢ сезимдүү мамиле жасашына көмөктөшөт, ошондой эле ата-энелери менен мамилеси начарлаган балдардын маселесин чечүүгө жардам берүү;

-балдарды коргоо жана социалдык колдоо, өмүрүн жана ден-соолугун сактоо боюнча чараларды көрүү;

-жалпы билим берүүчү мектептен тышкаркы уюмдарында иштеген ар кандай кружок жана секцияларга окуучуларды тартууну уюштурат, аталган кружок жана секциялардын жетекчилери менен байланышты колдоо;

-зарыл болгондо балдардын өздүк документтерин (туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн) калыбына келтирүүгө жардам берүү;

-класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштерге тартуу, балдар менен жаштар уюмдары, мекемелери, клубдары менен кызматташуу аркылуу балдардын бош убактысын уюштурууга көмөктөшүү;

-балдар иштери боюнча комиссиянын ишине катышуу;

-айлана-чөйрөнүн таасирин анализдей билүү, адамдар менен баарлаша жана байланыш мамиле түзүү;

-сабакка келбеген, сабакты көп калтырган балдар жана алардын атаэнелери менен

аҢгемелешүү;

-окуучулардын психологиялык , медпедагогикалык өзгөчөлүктөрүн, жашоо чөйрөсүн иликтөө;

-жетим жана ата-энелеринин камкордугусуз калган балдарды (тарбиялануучуларды) жөлөк пул, пенсия менен камсыздоо боюнча көмөк көрсөтөт;

-ар бир класс жетекчилерден мүнөзү  оор окуучулардын тизмесин алуу жана алар мене ниш алып баруу;

-айыл өкмөттөрү жана айыл башчылар менен байланышуу.

Төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:

Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргызстандын мамлекеттик символдорун, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарын, КР «Балдар жөнүндөгү» Кодексин, КР Эмгек Кодексин, баланын укутары жөнүндө Конвенцияны жана башка социалдык-педагогикалык ишмердикти уюштуруу боюнча ченемдик-укуктук актыларды :  педагогиканын жана педагогикалык психологиянын негиздерин: социологиянын негиздерин: баланын физиологиясын жана гигиенасын: мамлекеттик институттарын, коомдук уюмдардын окуучуларга жардам берүү жана тарбиялоо жаатындагы милдеттерин, педагогикалык адептин ченемдерин.

«Бекитемин»

Мектептин директору

_______________

Мукамбетова С.С.

«1» 09 2022-жыл

«Макулдашылды»

Аламүдүн РИИБнин начальниги

_______________

Эркинбаев Н.М.

«____»_______________2022-жыл

**Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебинин 2022-2023-окуу жылы үчүн жаш өспүрүмдөр арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу боюнча иш план**

***Максаты:*** *Мектепте тарбиялап жаткан окуучуларды кылмыштуулуктан, үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан , ар түрдүү баңги заттардан алдын ала маалымат алуу менен бирге жакшы жолго салуу.*

| № | Өтүлүүчү иштер | мөөнөтү | жоoптуу | өзгөчө белгилер |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аз камсыз үй-бүлө, толук эмес үй-бүлө, ИДН, БИК каттоодо турган балдарды иликтеп, тактап чыгуу. | сентябрь | Соц.педагог<br>Класс жетекчи | |
| 2 | ИДН кызматкери тарабынан «Закон жана сен» дегентемада лекция окуу 7-11-класстар арасында | октябрь | ИДН<br>Уюштуруучу<br>Соц.педагог | |
| 3 | «Жаш өспүрүм» рейддерди жүргүзүү | Жыл бою | ИДН<br>Соц.педагог<br>Уюштуруучу | |
| 4 | Тартип бузган окуучулар менен аңгемелешүү | Жыл бою | ИДН<br>Соц.педагог | |
| 5 | Беренелер менен окуучуларды тааныштыруу | Ноябрь<br>Декабрь | ИДН<br>Соц.педагог | |
| 6 | Колониялардан тартылып алынган видеороликтерди көрсөтүү менен талкуу жүргүзүү | Апрель | ИДН<br>Соц.педагог | |
| 7 | «Тамеки айыкпас дарт»,<br>«Адам чылымды түгөтө албайт, чылым адамды түгөтөт»,<br>«Аракечтик адамды жок кылат» деген темада класстык сааттарды өтүү<br>5-11-класстар | Октябрь<br>Апрель | Класс жетекчилер | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | Тартип бузган окуучулардын ата-энелери менен аңгемелешүү | Жыл бою | ИДН<br>Соц.педагог<br>Уюштуруучу | |
| 9 | Тартип бузган окуучуларды ар кандай ийримдерге тартуу | Жыл бою | Соц.педагог<br>Класс жетекчи | |
| 10 | Укук бузууда колдонулуучу жазанын түрлөрү менен окуучуларды тааныштыруу | Октябрь | ИДН<br>Соц.педагог<br>Уюштуруучу | |
| 11 | Тартип бузу жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ата-энелер жана окуучулар менен маек жүргүзүү | Жыл бою | ИДН<br>Соц.педагог | |
| 12 | «Биз кылмыштуулукка каршыбыз» спорттук мелдеш | Январь | ИДН<br>Соц.педагог<br>Уюштуруучу | |
| 13 | Тарбиялоодо кыйынчылыкка дуушар болгон опекун үй-бүлөлөрдү кыдыруу, маек куруу | Февраль | Соц.педагог | |
| 14 | «Сен жол эрежесин билесиңби?» Маек куру (1-9-класс) | Жыл ичинде | Класс жетекчи<br>ИДН | |
| 15 | Аз камсыз болгон үй-бүлө , «Тобокел» тобундагы өспүрүмдөр категориясындагы окуучуларды жайкы эс алуу лагерине уюштуруу , иштерин жүргүзүү | Апрель<br>Май | Мектеп администрациясы | |
| 16 | ИДН кызматкери жана соц.педагогдун биргелешип жүргүзгөн иштерине анализ жүргүзүү | Май | ИДН<br>Соц.педагог<br>Мектеп администрациясы | |

Соц.педагог: Миталипова Г.Т.

Уюштуруучу: Урустомбаева Н.Э.

ИДН: Кожомкулов А.

Бекитемин:
Мектептин директору:

_______________________________
Мукамбетова С.С

«16» 09 2021-ж

«Макулдашылды»

Аламүдүн РИИБнин начальниги

_______________________________
Эркинбаев Н.М.

«____»_____________2021-ж

## САКИН БЕГМАТОВА АТЫНДАГЫ ТАШ-МОЙНОК ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ОРТО МЕКТЕБИНИН
## 2021-2022- ОКУУ ЖЫЛЫ ҮЧҮН ЖАШ ӨСПҮРҮМДӨР АРАСЫНДАГЫ УКУК БУЗУУЛАРДЫ, КЫЛМЫШТУУЛУКТУ АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА ИШ ПЛАН

***Максаты:*** *Мектепте тарбиялап жаткан окуучуларды кылмыштуулуктан, үй бүлөдөгү зордук – зомбулуктан, ар түрдүү банги заттардан алдын ала маалымат алуу менен бирге жакшы жолго салуу.*

| №№ | Өтүлүүчү иштер | Мөөнөтү | жооптуу | Өзгөчө белгилер |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аз камсыз үй-бүлө, толук эмес үй-бүлө, ИДН, БИК каттоодо турган балдарды иликтеп, тактап чыгуу. | сентябрь | Соц.педагог<br>Класс жетекчи | |
| 2 | ИДН кызматкери тарабынан «Закон жана сен» деген темада лекция окуу 7-11-класстар арасында | октябрь | ИДН<br>тарбия завучу<br>Соцпедагог | |
| 3 | «Жаш өспүрүм» рейддерди жүргүзүү | Жыл бою | ИДН,<br>соцпедагог,<br>Тарбия завучу | |
| 4 | Тартип бузган окуучулар менен аңгемелешүү | Жыл бою | ИДН<br>соцпедагог | |
| 5 | Статьялар менен окуучуларды тааныштыруу | Ноябрь<br>декабрь | ИДН<br>соцпедагог | |
| 6 | Колониялардан тартылып алынган касеталарды көрсөтүү менен талкуу жүргүзүү | апрель | ИДН<br>соцпедагог | |
| 7 | «Тамеки айыкпас дарт», «Адам чылымдшы түгөтө албайт, чылым адамды түгөтөт», «Аракечтик адамды жок кылат», деген темада класстык саттарды өтүү 5-11-класстар арасында | Октябрь<br><br>апрель | Кл.жетекчи | |
| 8 | Тартип бузган окуучулардын ата-энелери менен аңгемелешүү | Жыл бою | Соц.педагог<br>Завуч<br>Тарбия завучу | |
| 9 | Тартип бузган окуучуларды ар кандай кружокторго тартуу | Жыл бою | Кл.жетекилер<br>Соц.педагог | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Укук бузууда колдонулуучу жазанын түрлөрү менен окуучулдарды тааныштыруу | октябрь | Соцпедагог Тарбия завучу ИДН. | |
| 11 | Тартип бузуу жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ата-энелер жана окуучулар менен маек жүргүзүү | Жыл бою | Соц.педагог ИДН | |
| 12 | «Биз кылмыштуулукка каршыбыз» спорттук мелдеш | январь | ИДН соц.педагог уюштуруучу | |
| 13 | Тарбиялоодо кыйынчылыкка дуушар болгон опекун үй бүлөлөрдү кыдыруу, маек куруу. | февраль | Соц.педагог | |
| 14 | «Сен жол эрежесин билесиңби?» Маек куруу (1-9-класс) | Жыл ичинде | Класс жетекчи ИДН | |
| 15 | Аз камсыз болгон үй-бүлө, «Тобокел» тобундагы өспүрүмдөр категориясындагы окуучуларды жайкы эс алуу лагерине уюштуруу, иштерин жүргүзүү | Апрель май | Администрация | |
| 16 | ИДН кызматкери жана соцпедагогдун биргелешип жүргүзгөн иштерине анализ жүргүзүү | май | Соц.педагог ИДН администрация | |

Уюштуруучунун м.а.: Калиева Н.К.

ИДН инспектору: Абдрасулова Г.

Соц.педагог: Миталипова Г.Т

Бекитемин:
Мектептин директору:
____________________
Тентимишев К.К.

«_01_»____09____2020-ж

«Макулдандыгы»

Аламүдүн РИИБнин башчысы
милициянын полковниги:
____________________
Асаналиев Т.К.

«_01_»________2020-ж

## САКИН БЕГМАТОВА АТЫНДАГЫ ТАШ-МОЙНОК ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ОРТО МЕКТЕБИНИН
## 2020-2021- ОКУУ ЖЫЛЫ ҮЧҮН ЖАШ ӨСПҮРҮМДӨР АРАСЫНДАГЫ УКУК БУЗУУЛАРДЫ, КЫЛМЫШТУУЛУКТУ АЛДЫН АЛУУ БОЮНЧА ИШ ПЛАН

***Максаты:*** *Мектепте тарбиялап жаткан окуучуларды кылмыштуулуктан, үй бүлөдөгү зордук – зомбулуктан, ар түрдүү банги заттардан алдын ала маалымат алуу менен бирге жакшы жолго салуу.*

| №№ | Өтүлүүчү иштер | Мөөнөтү | жооптуу | Өзгөчө белгилер |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аз камсыз үй-бүлө, толук эмес үй-бүлө, ИДН, БИК каттоодо турган балдарды иликтеп, тактап чыгуу. | сентябрь | Соц.педагог<br>Класс жетекчи | |
| 2 | ИДН кызматкери тарабынан «Закон жана сен» деген темада лекция окуу 7-11-класстар арасында | октябрь | ИДН<br>тарбия завучу<br>Соцпедагог | |
| 3 | «Жаш өспүрүм» рейддерди жүргүзүү | Жыл бою | ИДН,<br>соцпедагог,<br>Тарбия завучу | |
| 4 | Тартип бузган окуучулар менен аңгемелешүү | Жыл бою | ИДН<br>соцпедагог | |
| 5 | Статьялар менен окуучуларды тааныштыруу | Ноябрь<br>декабрь | ИДН<br>соцпедагог | |
| 6 | Колониялардан тартылып алынган касеталарды көрсөтүү менен талкуу жүргүзүү | апрель | ИДН<br>соцпедагог | |
| 7 | «Тамеки өмүргө зыян», «Бангилик балээлүү дарт», «Тамеки тартууну жана наркоманиянын зыяндуулугу», «Балдар жана наркомания» деген темада класстык саттарды өтүү 5-11-класстар арасында | Октябрь<br>апрель | Кл.жетекчи | |
| 8 | Тартип бузган окуучулардын ата-энелери менен аңгемелешүү | Жыл бою | Соц.педагог<br>Завуч<br>Тарбия завучу | |
| 9 | Тартип бузган окуучуларды ар кандай кружокторго тартуу | Жыл бою | Кл.жетекилер<br>Соц.педагог | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Укук бузууда колдонулуучу жазанын түрлөрү менен окуучулдарды тааныштыруу | октябрь | Соцпедагог Тарбия завучу ИДН. | |
| 1 | Тартип бузуу жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ата-энелер жана окуучулар менен маек жүргүзүү | Жыл бою | Соц.педагог ИДН | |
| 12 | «Зордук жана зомбулукка жол бербейбиз» видео-ролик көрсөтүү жана аны талкулоо | январь | ИДН соц.педагог | |
| 13 | Тарбиялоодо кыйынчылыкка дуушар болгон опекун үй бүлөлөрдү кыдыруу, маек куруу. | февраль | Соц.педагог | |
| 14 | «Сен жол эрежесин билесинби?» Маек куруу (1-9-класс) | Жыл ичинде | Класс жетекчи ИДН | |
| 15 | Аз камсыз болгон үй-бүлө, «Тобокел» тобундагы өспүрүмдөр категориясындагы окуучуларды жайкы эс алуу лагерине уюштуруу, иштерин жүргүзүү | Апрель май | Администрация | |
| 16 | ИДН кызматкери жана соцпедагогдун биргелешип жүргүзгөн иштерине анализ жүргүзүү | май | Соц.педагог ИДН администрация | |

Тарбия завучу : Урустомбаева Н.Э

ИДН инспектору: Абдрасулова Г.

Соц.педагог: Миталипова Г.Т

«БЕКИТЕМИН»

МЕКТЕПТИН ДИРЕКТОРУ: ______________

Тентимишев К.К.

**САКИН БЕГМАТОВА АТЫНДАГЫ ТАШ-МОЙНОК ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ОРТО МЕКТЕБИНИН**
**2020-2021 -ОКУУ ЖЫЛЫНДА СОЦ.ПЕДАГОГДУН ИШ ПЛАНЫ**

| №№ | мазмуну | жооптуу | Өзгөчө белгилер |
|---|---|---|---|
| | **СЕНТЯБРЬ** | | |
| 1 | Мектептин соц.педагогунун бир жылдык иш планын иштеп чыгуу жана бекитүү | Соц.педагог | |
| 2 | Толук жетим, соц.жетим, инвалид, тарбиясы оор категориядагы окуучулардын тизмесин алуу | Кл.жетекчи<br>Соц.педагог | |
| 3 | 1-11-класстардын социалдык паспортун алуу | Соц.педагог | |
| 4 | Көп балалуу, турмуш шарты оор үй бүлөнү изилдөө, алардын тизмесин тактоо | Соц.педагог | |
| 5. | Мектепте «тартип бузуну алдын алуу» боюнча Кенеш түзүү жана иш планын бекитүү | Администрация | |
| 6 | «Мектеп» рейдин жүргүзүү | Жаш өспүрүмдөр инспектору | |
| 7 | КДДга документтерди даярдоо | Соц.педагог | |
| | **ОКТЯБРЬ** | | |
| 1 | «Укук бузууну алдын алуу» айлыгын өткөрүү<br>1. Класстык сааттарды өтүү<br>2. Дубал газеталарды чыгаруу<br>3. Анкеталарды өткөрүү<br>4. Класстар арасында «Сен укугуңду билесиңби?» деген темада олимпиада өткөрүү | Кл.жетекчилер<br>Соц. педагог | |
| 2 | Укук бузуну болтурбоонун алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди жүргүзүү. «Насвай», «Тамеки» | Кл.жетекчилер | |
| 3 | «Жаш өспүрүм» рейдин жүргүзүү | Тарбия завучу<br>Парламент | |

**«БЕКИТЕМИН»**

**МЕКТЕПТИН ДИРЕКТОРУ**: ____________________

Мукмбетова С.С.

**САКИН БЕГМАТОВА АТЫНДАГЫ ТАШ-МОЙНОК ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ОРТО МЕКТЕБИНИН**
**2021-2022 -ОКУУ ЖЫЛЫНДА СОЦ.ПЕДАГОГДУН ИШ ПЛАНЫ**

| №№ | мазмуну | жооптуу | Өзгөчө белгилер |
|---|---|---|---|
| | **СЕНТЯБРЬ** | | |
| 1 | Мектептин соц.педагогунун бир жылдык иш планын иштеп чыгуу жана бекитүү | Соц.педагог | |
| 2 | Толук жетим, соц.жетим, инвалид, тарбиясы оор категориядагы окуучулардын тизмесин алуу | Кл.жетекчи<br>Соц.педагог | |
| 3 | 1-11-класстардын социалдык паспортун алуу | Соц.педагог | |
| 4 | Көп балалуу, турмуш шарты оор үй бүлөнү изилдөө, алардын тизмесин тактоо | Соц.педагог | |
| 5. | Мектепте «тартип бузуну алдын алуу» боюнча Кенеш түзүү жана иш планын бекитүү | Администрация | |
| 6 | «Мектеп» рейдин жүргүзүү | Жаш өспүрүмдөр инспектору | |
| 7 | КДДга документтерди даярдоо | Соц.педагог | |
| | **ОКТЯБРЬ** | | |
| 1 | «Укук бузууну алдын алуу» айлыгын өткөрүү<br>1. Класстык сааттарды өтүү<br>2. Дубал газеталарды чыгаруу<br>3. Анкеталарды өткөрүү<br>4. Класстар арасында «Сен укугуңду билесиңби?» деген темада олимпиада өткөрүү | Кл.жетекчилер<br>Соц. педагог | |
| 2 | Укук бузуну болтурбоонун алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди жүргүзүү. «Насвай», «Тамеки» | Кл.жетекчилер | |
| 3 | «Жаш өспүрүм» рейдин жүргүзүү | Тарбия завучу<br>Парламент | |

«БЕКИТЕМИН»

МЕКТЕПТИН ДИРЕКТОРУ: ______________

# САКИН БЕГМАТОВА АТЫНДАГЫ ТАШ-МОЙНОК ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ОРТО МЕКТЕБИНИН 2022-2023 -ОКУУ ЖЫЛЫНДА СОЦ.ПЕДАГОГДУН ИШ ПЛАНЫ

| №№ | мазмуну | жооптуу | Өзгөчө белгилер |
|---|---|---|---|
| | **СЕНТЯБРЬ** | | |
| 1 | Мектептин соц.педагогунун бир жылдык иш планын иштеп чыгуу жана бекитүү | Соц.педагог | |
| 2 | Толук жетим, соц.жетим, инвалид, тарбиясы оор категориядагы окуучулардын тизмесин алуу | Кл.жетекчи<br>Соц.педагог | |
| 3 | 1-11-класстардын социалдык паспортун алуу | Соц.педагог | |
| 4 | Көп балалуу, турмуш шарты оор үй бүлөнү изилдөө, алардын тизмесин тактоо | Соц.педагог | |
| 5. | Мектепте «тартип бузуну алдын алуу» боюнча Кенеш түзүү жана иш планын бекитүү | Администрация | |
| 6 | «Мектеп» рейдин жүргүзүү | Жаш өспүрүмдөр инспектору | |
| 7 | КДДга документтерди даярдоо | Соц.педагог | |
| | **ОКТЯБРЬ** | | |
| 1 | «Укук бузууну алдын алуу» айлыгын өткөрүү<br>1. Класстык сааттарды өтүү<br>2. Дубал газеталарды чыгаруу<br>3. Анкеталарды өткөрүү<br>4. Класстар арасында «Сен укугуңду билесиңби?» деген темада олимпиада өткөрүү | Кл.жетекчилер<br>Соц. педагог | |
| 2 | Укук бузуну болтурбоонун алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди жүргүзүү. «Насвай», «Тамеки» | Кл.жетекчилер | |
| 3 | «Жаш өспүрүм» рейдин жүргүзүү | Тарбия завучу<br>Парламент | |

# Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебинин социалдык педагогу

# Миталипова Гүлзина Токтоболотовна

**2020-2021-окуу жылы**

## Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебинин социалдык педагогунун 2020-2021-окуу жылында иштеген иштеринин анализи.

### Социалдык педагогдун максаты:

1.Баланын статусун аныктоо;

2.Баланын өнүгүүсүнө жекече көңүл буруу;

3.Баланы көндүрүү оңдоо жана колдоо;

4.Баланын кызыкчылыгын жана укуктарын коргоо;

5.Баланы жашоо мейкиндигинде коргоо, кам көрүү;

Социалдык педагогдун негизги багыттары:

Мектептеги социалдык-педагогикалык ишмердиктин багыттары маселелерди өөнүн негизинде аныкталат;

-социалдык –педагогикалык изилдөө;

-баланын укуктарын колдоо;

-социалдык-педагогикалык кеп-кеңеш берүү;

-алдын-алуу, түзөтүү жана калыбына келтирүү ж.б.

-ортомчулук;

-бала менен жекече сүйлөшүү, үй шарты менен таанышуу.

Социалдык педагогдун укуктары, миллдеттери жана функцияларынын негизинде ишти пландаштырып жана жылдык, айлык пландар бекитилди. Окуучулардын жалпы социалдык абалы класс жетекчилери менен биргеликте аныкталды. Мектептин жана класстардын социалдык паспорттору түзүлдү.

### Социалдык категорияга кирген окуучулардын саны

| № | Категориясы | Жылдын башында | Жылдын аягында |
|---|---|---|---|
| 1 | Толук жетим | 1 | 1 |
| 2 | Толук эмес жетим | 17 | 17 |
| 3 | Тобокел тобундагы окуучулар | - | 1 |
| 4 | Мектеп учетундагы окуучулар | - | - |
| 5 | ИДН учетундагы окуучулар | - | 1 |
| 6 | Көп балалуу үй-бүлөнүн балдары | 29 | 29 |
| 7 | Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар | 5 | 4 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8 | Мүмкүнчүлүгү чектелген, бирок окууга камтылбаган балдар | 2 | 2 |
| 9 | Социалдык жетимдер | - | - |
| 10 | Сырткы миграцияда жүргөн ата-энелердин балдары | 24 | 26 |
| 11 | Турмуш шарты оор үй-бүлөнүн балдары | 1 | 1 |
| 12 | Аз камсыз үй-бүлөнүн балдары | 19 | 19 |
| 13 | Толук эмес үй-бүлөнүн балдары | 43 | 43 |
| 14 | Үйүндө окуган балдар | 3 | 2 |
| 15 | Ата-эненин камкордугусуз калган балдар | - | - |
| 16 | Документи жок окуучулар | 2 | 1 |

Социалдык педагогикалык иштин негизги багыттарынын бири, оор кырдаалга кабылган баланын социалдык калыптанышы үчүн шарттарды түзүү жана ага жагымдуу , педагогикалык жактан максатка ылайыктуу социалдык чөйрөнү түзүү үчүн шарттарды камсыз кылуу. Баланын социалдык турмуш маселеси-социалдык педагогдун ишмердигинин башкы объектиси. Окуу жайларындагы мамлекеттин социалдык саясатын жүргүзүүчү катары, социалдык педагог кыйын кырдаалга кабылган балдар менен социалдык иш алып баруунун негизги багыттарын аныктайт.

Уюштуруу учуру

-аңгеме, анкета, тестирлөө;

-баланын документтерин анализдөө;

-медициналык, психологиялык педагогикалык жактан колдоо көрсөтүү;

-байкоо, мактоо, жакындан аңгемелешүү.

## Ата-энелер менен жекече иштөө

1.Баланы тарбиялоо

2.Окутуу

3.Сабактарына катышуу

4.Окуу процессинде пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү усулдары менен бөлүшүү

Тартип, эрежелерди, укук бузган, сабактан жетишпеген окуучулардын ата-энелери менен өзгөчө профилактикалык аңгемелешүү жүргүзүлдү жана консультация берилди. Аңгемелешүүнүн жыйынтыгына жараша ата-энелерге тиешелүү кеп-кеңештер берилди.

## Ата-энелер менен өткөрүлгөн иш-чаралар

| № | Класс | Аңгемелешүүнүн темасы | Окуучу | Ата-эне |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 7 б | Онлайн сабакка катышпаган | Огонов И | Джузумалиева А |
| 2 | 7 б | Онлайн сабакка кашышпаган | Огонов Ы | Джузумалиева А |
| 3 | 9 а | Сабакты себепсиз көп калтырган | Исмаилова К | Айдакеева Г |

Чүй облусу

Аламүдүн району

Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок

жалпы билим берүү орто мектеби

# 2019-2020-окуу жылындагы социалдык педагогдун иштери боюнча жылдык анализи.

2020-жыл

**Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебинин социалдык педагогунун 2019-2020-окуу жылында «Тартип бузуунун алдын алуу » боюнча аткарган иши боюнча анализи.**

**Максаты:**

Мектепте социалдык чөйрөдө жана үй бүлөдө окуучунун толук кандуу өнүгүшүнө позитивдүү социалдашуусуна өзүн аныктоосуна ,кесиптик калыптануусуна шарттарды түзүү б.а. баланын өнүгүшүнө жагымдуу чөйрөнү камсыздоо.

**Милдеттер:**

1.Балдарга карата зомбулуктун, социалдык жүрүм –турумдун, кароосуз калуунун алдын алуу.

2. Сергек жашоо образын пропагандалоо, балдарды жаман адаттардан сактоо.

3. Окуучуларга жана ата-энелерге өз убагында жана комплексттүү укуктук, социалдык-психологиялык, педагогикалык жардамдарды көрсөтүү. Опурталдуу кырдаалга кабылган балдарга социалдашуусуна, өнүгүүсүнө, окуусуна жардам берүү.

4. Окуу процессинин бардык катышуучулардын, ата-энелердин , педагогикалык жана укуктук маданиятын көтөрүү.

Мектепте жылдын башында 531 окуучу, ал эми жыл аягында 498 окуучу окуду. Анын ичинен 251 кыз, 247 эркек бала.

Социалдык категориядагы окуучулардын саны:

| № | Категориялар | 2019-2020 |
|---|---|---|
| 1 | Толук жетимдер | 3 |
| 2 | Толук эмес жетимдер | 20 |
| 3 | Тарбиясы оор окуучулар | 6 |
| 4 | Риск тобундагы окуучулар | 1 |
| 5 | ИДН дин учетундагы окуучулар | - |
| 6 | Көп балалуу үй-бүлөдөгү окуучулар | 5 |
| 7 | Инвалид | 5 |
| 8 | Сырткы миграцияда жүргөн ата-энелердин балдары | 25 |
| 9 | Толук эмес үй бүлө | 46 |
| 10 | Аз камсыз болгон үй бүлө | 1 |
| | | |
| **№** | **Жүргүзүлгцн рейддер** | **2019-2020** |
| 1 | «Тамеки» | 2 |
| 2 | «Насвай» | 2 |
| 3 | Мектепке тартуу | 3 |
| 4 | «Жаш өспүрүм» | 3 |

**Профилактикалык иштин мониторинги:**

| № | | 2018-2019 | 2019-2020 |
|---|---|---|---|
| 1 | Аксакалдар сотунда каралган материалдар | 1 | - |
| 2 | КДД да каралган материалдар | - | - |
| 3 | ИДН учетунда турган окуучулар | - | - |
| 4 | Укук бузуунун болтурбоонун алдын алуу Кеңеши | 4 | 3 |
| 5 | Тарбиясы оор окуучулар | 4 | 6 |
| 6 | Риск тобундагы окуучулар | 1 | 1 |
| 7 | Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок окуучулар | 5 | 2 |

Жыл башында 7 мүчөдөн турган «Тартип бузууну алдын алуу Кеңеши» түзүлдү.

Октябрь айында «Тартип бузууну алдын алуу Кеңешинде» 3 материал каралды.

1-протокол 23.10.2019-жыл 11-а класстын окуучусу Талантбекова Күмүшайдын үйүнөн чыгып , Кара-Балта шаарына кетип калуусун кароо.

2-протокол 28.10.2019-жыл Мүмкүнчүлүгү чектелген 4-б класстын окуучусу Дуйшеналиева Дiананы интернатка жиберүү иши каралды.

3-протокол 31.10.2019-жыл. Сабакты себепсиз калтырган 2-б класстын окуучусу Бектурсунова Чынаранын иши каралды.

Мектепте бекер ысык тамак иче турган 1-4-класстардын окуучулары ата-энелер комитетинин чечиминин негизинде 3 окуучу аныкталды жана алар ысык тамакка чогултула турган акчадан бошотулушту.

Октябрь айында «Укук бузуунун алдын алуу » айлыгы өткөрүлүп, класс жетекчилер «Укук бузуу –бул кылмыш», «Мен өз укугумду билемин», «Тартип деген эмне?», «Мен өзүм үчүн эмне кылам?» ж.б. класстык сааттарды өтүштү.

Ноябрь айынын ичинде тамеки тартуу , аракечтик жана баңгиликтин жайылышына да өзгөчө жаш өспүрүмдөрдүн арасында зордук –зомбулук иштеринин көбөйүшүнө алып келип жаткандыгы байкалууда. Ошондуктан ар бир класска насвай менен тамекинин зыяндуулугу жөнүндө видео ролик көрсөтүлдү. «Тамеки-өмүр душманы » деген темада 5-11-класстар арасында дубалгезиттер чыгарылды. «Наркотикалык жана психотроптук заттардын зыяндуулугу деген темада» класстык саттар өткөрүлдү 21-ноябрда социалдык педагог «Баңгилик деген эмне?» деген темада лекция окуду.26-ноябрда 8-11-класстардын арасында «Биздин мектепте коррупция барбы?» деген темада анкета алынды, жыйынтык чыгарылды. 27-ноябрда «Менин эртеңки келечегим өзүмдүн гана колумда»-деген окуучулар арасында чогулуш өткөрүлдү.Анда окучуларга наркотикалык заттардын зыяндуулугу жөнүндө сөз болуп, кызуу талкуу болду.

Декабрь айында 3-декабрь-Мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын күнүнө карата кайрымдуулук акциясы өткөрүлүп, 5 окуучубуздун көңүлдөрүн көтөрүү максатында канцтоварлар, азык-түлүктөр чогултулуп, класс активдери жана соц.педагог менен биргеликте үйлөрүнө берилди. 10-декабрда 7-11-класстардын окуучуларына «Биздин мектепте рекэт барбы? деген темада анкета алынды.Мектепте рекэт жок деген жыйынтык чыгарылды.»16-декабрда «Зордук зомбулук-бул кылмыш » деген темада соц.педагог 8-11-класстартардын окуучуларына

# Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебинин социалдык педагогу Миталипова Гүлзина Токтоболотовна

***Бардык укуктар бардык балдарга бирдей.***

**2021-2022-окуу жылы**

# Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебинин социалдык педагогунун ишинин анализи

## 2021-2022-окуу жылы

1. Социалдык педагог-Миталипова Г.Т.
   Билими-жогорку
   Кесиби-башталгыч класс
   Жалпы стажысы-18 жыл
   Педагогикалык стажысы-18 жыл
   Социалдык педагогдун коомдук иш тажрыйбасы-3 жыл
   Социалдык педагогдун кызмат ордунун саны-0.75
   Жүктөмү-17 саат 9. Иштөө графиги-8.30-17.10
   Социалдык педагогдун кабинетинин болушу жана жабдылышы-бар

Социалдык-педагогикалык иштин эң негизги багыттарынын бири-оор кырдаалга кабылган баланын социалдык калыптанышы үчүн шарттарды түзүү жана ага жагымдуу, педагогикалык жактан максатка ылайыктуу социалдык чөйрөнү түзүү үчүн шарттарды камсыз кылуу. Баланын социалдык турмуш маселеси-социалдык педагогдун ишмердигинин башкы обьектиси.

2021-2022-окуу жылында Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектебинин администрациясы жана мугалимдер жамааты социалдык жактан окуучуларга ар тараптан жардамдарды көрсөтүп, алардын укугун бузбоого аракет жасадык жана окуу жылына кабыл алынган план боюнча иш чаралар жүргүзүлдү, төмөнкү иштерди жүзөгө ашырууга өбөлгө түзүлдү.

2. Мектепте жылдын башында 555 окуучу , жылдын аягында 506 окуучу окуп бүтүрдү. Анын ичинен кыздар 241 , балдар 265 . Сентябрь айында мектептин социалдык паспорту түзүлүп , 2022-жылдын январь айында жаңыланып, анда окуучулардын бардык категориялары көрсөтүлгөн. Бул иш окучу , үй-бүлө менен тереңирээк таанышуу, жашоообразын үйрөнүү, үй-бүлө менен байланыш түзүү, ишенимдүү мамиле түзүү, өз ара түшүнүшүү, кызматташуу максатында жүргүзүлдү. Балдар коллективин изилдөө төмөндөгүдөй натыйжаларды берди.

| № | Балдардын категориясы | Январь айына карата | | | Өсүү төмөндөө | Себеби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2020 | 2021 | 2022 | | |
| 1 | Мектепте окуган окуучулардын жалпы саны | 502 | 499 | 507 | Өсүү | Мектептеги педагогикалык кадрлардын сапатын жогорулатуу |
| 2 | Толук жетим окуучулар | 3 | 1 | 1 | төмөндөө | |
| 3. | Толук эмес жетим окуучулар | 20 | 17 | 19 | Өсүү | Окуучулардын ата-энелеринин ооруп калышына жана дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдары | 5 | 10 | 32 | Өсүү | Көп балалуу үй-бүлөлөрдүн саны өсүүдө |
| 5 | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары | 1 | 19 | 19 | Өсүү | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн тизмеси көбөйүп баратат, анткени жумушсуздук. |
| 6 | Турмуш шарты оор үй-бүлөнүн балдары | 1 | 3 | 3 | Өсүү | Бул категориядан энелери таштап кеткен окуучулардын болгондугуна байланыштуу |
| 7 | Мектепте окуган ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген балдар | 2 | 3 | 3 | Өсүү | Бул категориядан окуучулар аныкталды. |
| 8 | Медициналык корутунду боюнча окутулбаган , бирок мектептин микроучастогунда жашаган ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар | 3 | 3 | 2 | Төмөндөө | Бул категориядан окуучулар 18 жашка чыккандыгына байланыштуу азайды. |
| 9 | Ата-энелери эмгек миграцияда жүргөн окуучулар | 25 | 33 | 10 | төмөндөө | Мамлекетибиздеги жумушсуздуктун айынан туруксуздук. |
| 10 | Толук эмес үй-бүлөлөр | 39 | 43 | 43 | | Бул категорияда толук эмес үй бүлөлөр кескин өсүш байкалууда |
| 11 | Мектеп ичинде учеттогу окуучулар | 6 | 4 | 4 | төмөн | Окуучулар жана ата-энелер менен жекече баарлашуулар, кайталанма профилактикалык сүйлөшүүлөр жана класс жетекчилер жана соцпедагог тарабынан көзөмөл. |
| 12 | ИДНдин учетундагы окуучулар | - | 1 | - | төмөндөө | Ата-энелердин көзөмөлүнөн ажыраган |
| 13 | Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок окуучулар | 4 | 1 | - | төмөндөө | Райондук билим берүүнүн адистери менен биргеликте окуучулардын туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү калыбына келтирилди. |
| 14 | Ата-энесинин камкордугусуз калган балдар | 2 | 2 | 2 | туруктуу | - |

**3. Турмуштук оор кырдаалга кабылган , ден соолуктарынын мүмкүнчүлүгү чектелген , аз камсыз болгонүй-бүлөлөрдүн балдары жана башкалар менен аткарылган иштер.**

План боюнча окуу жылынын башында класс жетекчилер менен бирдикте рейддердин басымдуу бөлүгү социалдык категориядагы окуучулардын үйлөрүндө өткөрүлдү; мигранттын балдары , толук жетим, толук эмес жетим балдар ж.б.Турмуш тиричиик шартын аныктоо актылары түзүлдү. Жашы жете электер арасындагы кароосуздуктун жана укук бузуулардын алдын алуу , каттоодо турган үй-бүлөдөгү ата-энелик милдеттеринин аткарылышын көзөмөлдөө максатында кезектеги рейддер өткөрүлдү. Биргелешкен рейддер аркылуу турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөнүн балдары 1-б классынын окуучусу Жаңыбаева Асема, 6-а классынын окуучусу Калиев Дастан аныкталды. Ошондой эле социалдык категориядагы окуучулардын үйлөрүнө рейддер үзгүлтүксүз жүргүзүлүп, 1-жарым жылдыктын башында миграннттардын балдары 10 үй-бүлөдө бар экендиги такталган.Жүргүзүлгөн рейддердин талдоосуна ылайык «Миграннттардын балдары» камкордукка алынган.

**4. Жол кырсыгын болтурбоо жана алдын алуу** максатында 21-сентябрда «Жолдо жүрсөң сак бол » деген темада 1-4-класстардын окуучуларына иш чара өткөрүлдү. Иш чарада жөө жүргөн адамдардын эрежесин окуп үйрөнүү, аны дайым так сактоо милдет экендиги түшүндүрүлдү. Ошону менен бирге окуучуларды көчөгө алып барып, жол белгилердин коюлганын көрсөтүп, өткөөлдөрдөн бастырылды. Көчөдөн окуучуларга Аламүдүн МАИ кызматкери жолдо жүрүү эрежелерин кеңири түшүндүрүп берди.




**5. Жугуштуу ооруларды алдын алуу** максатында 2021-жылдын 28-сентябрында 8-11-класстардын арасында бүткүл дүйнөлүк кутурма оорусуна каршы күнүнө карата «Кутурма-айыкпас дарт» аттуу иш чара өткөрүлдү. Иш чарага Кой-Таш үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун медайымы Тууганбаева Зумурат катышып, окуучуларга кутурма оорусу жугуштуу оорулардын эң коркунучтуусу жана ал кутурган иттердин адамдардын ден соолугуна зыян алып келип жатканы көбөйүп баратканын түшүндүрүп берди. Соцпедагог Миталипова Г.Т: « Акыркы кездерде мындай учурлардын саны арбын болууда. Коркунучтуу ооруну алдын-алуу максатында ар бир үй-бүлө , ар бир жаран мындай көрүнүштү болтурбоого салымыбызды кошушубуз керек» деп баса белгиледи.



**6.Тамеки-насвайды колдонуусу алдын алуу** максатында 29-октябрда «Тамеки чегүүнүн зыяндары» деген темада 8-11-класстардын окуучуларына чогулуш өткөрүлдү. Анда «Тамеки чеүү керекпи же жокпу? »- деген тема талкууланды. «Биздин мектепте тамеки жана насвай чеккен балдар барбы? деген темада 8-11-класстардан анкета алынып, мектепте тамеки жана насвай чегишпейт деген жыйынтык алынды. »Класс жетекчилер тарабынан 1-4-класстар «Тамеки-айыкпас дарт», 5-8-класстар «Тамеки жана насвайдын зыяндуулугу » , 9-11-класстар «Адам чылымды түгөтө албайт, чылым адамды түгөтөт» деген темада тарбиялык сааттар өткөрүлдү.





**7. 2021-жылдын 10-декабрында Аламүдүн райондук социалдык педагогдоруна семинар өткөрүлдү**. Семинарга райондун 25 социалдык педагогдору жана райондун билим берүү бөлүмүнүн адиси Орозобаева С.Б. катышты. Семинарда мектептин социалдык педагогу Миталипова Г.Т. «Ар бир бала мээримге бөлөнүп, балалыгын бактылуу өткөрүүгө укуктуу » деген темада тренинг өттү. Тренингдин максаты: Балдарды зомбулуктан коргоо жана аларга карата мамилени өзгөртүү. Тренингдин катышуучулары тарабынан кызуу талкуу жүргүзүлүп, тема боюнча кеңири түшүндүрмөлөр алынып, семинар жогорку деңгээлде бааланды.